УДК 371.3:947.1 (575.2):894.341

Жыргалбекова Г. К.
Жыргалбекова Гульнара Карабаевна - И. Арабаев ат КМУ, т.и.к., доцент

ТАРЫХТЫ ОКУП ҮЙРӨНҮҮДӨ ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРДЫН МААНИСИ (Т. КАСЫМБЕКОВДУН “СЫНГАН КЫЛЫЧ” ТАРЫХЫЙ РОМАНЫНЫН МИСАЛЫНДА)

ЗНАЧЕНИЕ МЕЖПРЕДМЕТНЫХ СВЯЗЕЙ В ОБУЧЕНИИ ИСТОРИИ (НА ПРИМЕРЕ ИСТОРИЧЕСКОГО РОМАНА Т. КАСЫМБЕКОВА “СЛОМАННЫЙ МЕЧ”)

Аннотация. *Макалада мектепте тарыхты окутуунун тарыхый-методикалык мазмундук сызыктары, алардын көркөм образдар аркылуу чагылдырылышы талданат. Мазмундук сызыктарды ырааттуу талдоонун натыйжасында тарых-адабият предмет аралык бстланыштардын баалуулугу аныкталат. Мындан сырткары Т. Касымбековдун тарыхый доорду көркөм формада чагылдырган «Сынган кылыч» романынын өзгөчөлүгү баса белгиленет, андан сюжеттер келтирилет, ошондой эле мектепте тарыхты окутуу процессинде романды окуп үйрөнүү боюнча практикалык сунуштар берилет.*

Аннотация. *В статье анализируется историко-методическое содержание преподавания истории в школе, их отражение в художественных образах. Последовательный анализ линий содержания определяет ценность исторических и литературных междисциплинарных связей. Кроме того, подчеркнуты особенности романа Т. Касымбекова «Сломанныймеч», изображающего историческую эпоху в художественной форме, приведены сюжеты, а также практические рекомендации по изучению романа в процессе преподавания истории в школе.*

Annotation. *The article analyzes the historical and methodological content of teaching history at school and their reflection in artistic images. A consistent analysis of lines of content determines the value of historical and literary interdisciplinary connections. In addition, the features ofT. Kasymbekov's novel "The Broken Sword", depicting the historical era in artistic form, are highlighted; plots are given, as well as practical recommendationsfor studying the novel in the process of teaching history at school.*

Түйүндүү coidop: *тарыхый-методикалык мазмундук сызыктар, тарыхый убакыт, тарыхый мейкиндик, тарыхый кыймыл, көркөм образ, тарыхый роман, баяндоо.*

Тарыхый чындыктын көркөм чыгармаларда чагылдырылышы окуяларды кеңири жана терең окуп кабылдоого жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Көркөм образ аркылуу тарыхый окуяларды окуп үйрөнүүдө окуучулардын алдында толук кандуу элестетүүлөр келип чыгат. Тарыхый окуяларды окуп үйрөнүү жаратылышы боюнча: тигил же бул окуянын болгон убактысы, окуялар болуп өткөн аймактар, анын башталышы, өнүгүшү жана аякташы сыяк-

туу өөрчүйт. Бул бүтүндүктү тарыхый-методикалык мазмундук сызыктардын өңүтүнөн карай турган болсок: тарыхый убакыт, тарыхый мейкиндик, тарыхый кыймыл категориялары.

Тарыхчы окуу программасынын негизинде окуу китебин иштеп чыгууда ушул чынжырчаны толук көрсөтүү менен алектенет. Ал эми тарых мугалими болсо, окуу китебиндеги материалды: качан? кайсы жерде? кантип болду эле?... деген суроолорго жооп берүү менен ачып көрсөтөт. Албетте, тарыхый булакнаамэнин талабы боюнча туура. Тарыхый фактылар тарыхый билимдин негизин түзөт.

Кана эмесе, терең ойлонуп көрөлү... Ушул маселеде бир аз методикалык көйгөйлөр бар. Ал кандай көйгөй? Кандайдыр бир деңгээлде тарыхтын тили супсак жана кургак болгондой сезилет. Ооба, бул кургак жана супсак жагдайды адабий чыгармаларга кайрылуу аркылуу чечүүгө болот. Кыргыз Республикасында Билим берүүнүн «Тарых» боюнча мамлекеттик стандартында көрсөтүлгөндөй, тарых-адабият предмет аралык байланыштары негизги орунда турат. Демек, мектепте тарыхты окутуу программалары боюнча окуу материалдарын өздөштүрүүдө тарыхый окуяларга байланыштуу адабий чыгармаларга кайрылуу зор натыйжага ээ кылат. Ошондуктан тарыхты окутууда көркөм тарыхый адабияттар белгилүү орунду ээлейт.

Өткөн мезгилди элестетүүчү чыгармаларды тандоодо тарых мугалиминен белгилүү ишмердүүлүк талап кылынат. Мугалимдин окуган көркөм тарыхый адабияттары, тарыхый сюжеттеги спектаклдер менен кинофильмдерден көргөн эпизоддору ага тарыхый чындыкты сезүүгө, ой жүгүртүп элестетүүгө, сүйлөгөн сөзүнүн образдуулугун өнүктүрүүгө, чыныгы көркөм эпизоддорду баяндоого жардам берет.

Тарых сабагын окутууда көркөм адабияттарды колдонуу - сабактын темасын окуп үйрөтүүгө коюлган таанып-билүүчү, тарбиялоочу максаттарды ишке ашырат. Тарыхта болуп өткөн окуялар, көрүнүштөр, процесстер сыяктуу эле аларды чагылдырган адабий чыгармаларды колдонуунун да мааниси татаал жана терең.

Чех ойчул-гуманисти, улуу педагог Я. А. Коменскийдин «Улуу дидактика» деген эмгегинде бул тууралуу «мүмкүн болгон бардык каражаттар аркылуу окуучулардын билимге болгон ынтызарлыгын жана умтулуусун жандандыруу керек. Муну мен көркөм адабий чыгармалар аркылуу жасаганга аракеттенем»-деп белгилейт. Көркөм чыгармалардын методикалык классификациясына кайрылсак, тарых сабагында колдонулуучу адабий чыгармаларды методисттер эки топко бөлүп карашат:

I. Адабий эстеликтер катары кабыл алынган чыгармалар;

II. Тарыхый беллетристикалар.

Биринчиси - өткөн доордо жашаган авторлордун тарыхый чыгармалары. Бул чыгармалар окулуп жаткан доор боюнча тарыхый жазуу булак катары да кызмат кылат. Чыгармаларда чагылдырылган окуяларга автордун көз карашынын таасири чоң. Алсак, Россия тарыхы боюнча 1185-жылы Киевде половец (кыпчак) ханы Кончактын кол салуусун баяндаган «Игордун кошууну жөнүндө сөз» жана Куликов салгылашуусуна арналган «Мамаев кыргыны жөнүндө легенда» чыгармалары летопистерге кирет.

Экинчиси-тарыхый беллетристикалар (көркөм адабият, ыр, проза) тарыхый булакка кирбейт. Себеби, бул чыгармалар өткөн окуялар жөнүндө биздин замандаштар тарабынан көркөмдөлүп жазылат. Ошондуктан окуучуларга өткөн окуялардын мазмунун ачып көрсөтүүдө, кызыктуу сюжеттер, конкреттүү образдар, мүнөздөмөлөр аркылуу жеткиликтүү, кызыктуу айтып берүү керек.

Тарых сабагында жазуучулар жана акындар түзгөн көркөм тарыхый образдарды, өткөндөгү окуялар жөнүндөгү кызыктуу аңгемелерди пайдалануу, окуучулардын материалды күчтүү сезим менен кабыл алуусун жогорулатып, анын тарбия берүүчүлүк таасирин күчөтөт, тарыхый көрүнүштөргө жана ишмерлерге жеке мамилесинин түзүлүшүнө көмөк берет.

«Акыл иштеринин эң маанилүүсү жана пайдалуусу-өткөндөгү окуяларды сүрөттөп жазуу» - дейт, Рим тарыхчысы Саллюстий Гай Крисп. Тарыхты кенен изилдеп, калыс бааласак, ал бизге ата-бабанын басып өткөн жолунан эң бай үлгү көрсөтөт жана чоң илимге эшик ачат

[2,72]. Мектепте тарых курстарын окутууда окуучулардын билим сапатынын деңгээлин жогорулатууга жетишүү, ар бир мугалимдин максаты болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу предметтик программа боюнча берилген теманы өздөштүрүү үчүн белгилүү максаттар коюлат эмеспи. Адатта, ар бир окуучу окуу китебинен, кошумча илимий, тарыхый же адабий мүнөздөгү адабияттардан пайдалануу менен окуп жаткан материалдын мазмунун өздөштүрүүгө аракеттенет.

Тарых сабагында көркөм чыгармаларды колдонуунун ар кандай жолдорун пайдаланууга болот. Мисалы, окуучуларга белгилүү болгон чыгармадан тарыхый эпизодду же образды мугалим материалды баяндаган учурда алардын эсине салат. Алып айтсак, Кыргызстан тарыхы боюнча жазылган биринчи тарыхый роман Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» чыгармасы боюнча Кудаяр хан менен Мусулманкулдун колунун салгылашуусунан баяндама берүү: «Хандын колу майда боз адырдын этегинде капкара болуп, уюп жаткан эле. Бир убакта күн чыгып келе жаткан адырдан кыпкызыл болуп, кызыр аңызга жайнап чыккан кызыл гүлдөрдү алысыраакта көргөн барбы?... куду ошондой жердин бетин көрсөтпөй лыглык толкуп, кыпчактар каптап чыкты. Заматта дабылдар дүңгүрөп, чуру-чуу, кымкуут, аттуусу аттуу, жөөсү жөө бойдон, куралга жабышты. Эч эс алдырбай, эч убакыт бербей, жер титиреткен, мээ каңгыткан кыйкырык, селдей каптап келатты. Тандалма сыпайлар бетме-бет келип, өлүм сүрү токтоттубу, бирпас тиреле түшүштү. Адатта, жекеме- жеке баатырлар чыгышы керек эле. Бирок, кыпчактар куралы менен эмес, тиши менен чайнагандай, жапан айкырык салышып, каптап берди. Эки жак тең аёону да, аянууну да унутуп, жаралуу жырткычтай бырчылдашып киришти» [1].

Жогоруда берилген көркөм баян Кыргызстандын тарыхында «Кыпчак кыргыны» деген аталыш менен белгилүү. 1851-жылдын башында Кокон хандыгында болуп өткөн окуя. Кыпчак бийи Мусулманкул 1844-жылы 14 жаштагы Кудаяр хандын регенти (аталык) болушу менен ордодо саясий бийлик кыпчактардын колуна өтө баштаган. Жер-жерлерде элдин наразылыктары пайда болуп, Кокон бийлигине каршы кыймыл башталган. Кокон бийлиги кыпчактарды кыруу демилгесин көтөрөт. 1851-жылы эки суу аралыгында (Кара-Дарыя менен Нарын дарыясы) Былкылдама деген жерде Кудаяр хан менен Мусулманкулдун колдорунун ортосундагы салгылашта 1500 кыпчактын өлүгүн Кара-Дарыяга ыргытышкан. 1852-жылы Мусулманкул дарга асылган. Жалпысынан 1851-1852-жылдары Кокон хандыгында 20 миң чамалуу кыпчак кыргынга учурагандыгы окумуштуулар тарабынан илимий адабияттарда тастыкталган [1,22].

Көрсөтүлгөн фактылык окуяга байланыштуу көркөм адабияттан баяндоону, мектептин 8-классында Кыргызстан тарыхы боюнча 9-темада «Кокон хандыгында ички чырчатактардын ырбашы» деген теманын мазмунун өздөштүрүүдө: Мусулманкул аталыктын башкаруусу. Кудаяр хан жана анын аталык менен мамилеси маселелерин ачып көрсөтүүдө колдонсо болот. Окуучулар бул теманы өздөштүрүп жатып, Кокон хандыгында Мусулманкулдун регенттигин, анын бийликке келишин кыпчак феодалдарынын бийликке келиши катары көрсөтөт. Аймактык жана өз турмушунун шарттары жагынан борбор менен начар байланышы бар кыргыз феодалдары экинчи планга кысылып чыгарылат. Көп узабастан, Мусулманкулга каршы күчтөр түзүлгөндүгүн ырастоо менен бийлик үчүн аёосуз кан төгүлгөн күрөштөрдөн болуп келгендигин далилдейт.

Окуучулар теманы өздөштүрүүдө, көркөм чыгармаларда берилген эпизоддордо көрсөтүлгөн бийлик үчүн болгон мындай кыргындардын орто кылымдык мүнөзүн баамдоо аркылуу элге бүлүк салган кагылыштар элди бөлүп жарууга гана алып келе тургандыгын, анын кереги жок экендигин түшүнүүсү керек.

Кыргызстандын тарыхында тарыхый мүнөздөгү жазылган көркөм чыгармалар белгилүү санда. Ошондой болсо дагы мугалим изденүүчүлүк менен материалды баяндоого көркөм чыгармалардан фрагменттерди, көрүнүштүн мазмунун өзгөчө так билдирген эпитеттерди, туура түшүнүктөрдү, айкын мүнөздөмөлөрдү, тарыхый көрүнүштөрдүн образдуу сүрөттөлүшүн пайдалана алат. Мындай материалдар окуучулардын Кыргызстандын тарыхын окуп үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырат жана программаны байытат.

Тарыхый мазмунду методикалык багытта талдап кароодо, окуянын өзөгүн, жүрүшүн, кайда, качан болгондугу тууралуу маселелер мүнөзү боюнча фактылык материал экендиги белгилүү. Фактылык мүнөздөгү баяндоонун ар кандай түрлөрүнүн айкалышуусу, сөздүн так стилин жана темпин талап кылат.Тарыхты окутууда сүрөттөп көрсөтүлүүчү элементсиз баяндоо практикалык жактан эч мүмкүн эмес. Ал окуучуларга окуя болуп өткөн кырдаал жана анын катышуучулары жөнүндө элестерди түзгөндө гана конкреттүү жана таанып-билүүчүлүк жактан баалуу боло алат.

Сюжеттик окуяларды баяндоо, адатта, бир кыйла тез темпте жүргүзүлөт. Өтө курч тарыхый учурларды, мисалы, көтөрүлүштөрдү же салгылашууларды баяндоо учурунда сөздүн темпи канчалык тез болсо, сүйлөмдөр ошончолук кыска жана түшүнүктүү болууга тийиш, ал эми баяндоонун элементтери көбүнчө сын атооч (өтө тез, айбаттуу, эң зор) жана окуучуларды берилген ачык образдардын сезимин ойготуучу сөздөр менен чектелет. Белгилүү бир учурду башкаларынан айырмалап бөлүүчү жана баяндамадагы эң негизгисин баса көрсөтүүчү тыныгуулар эң кыска болууга тийиш. Жаңы окуяны кыскача сүрөттөө же көрсөтмө куралдарды пайдалануу баяндоону жеңилдетет.

Окуучуларга тарыхый материалдын фактылык мүнөзүн жеткиликтүү түшүндүрүүдөгү кеңири таралган ыкмалардын катарына баяндоо кирет. Баяндоо - бул тарыхый фактыны (окуяны, көрүнүштү, процессти) карап, көрүп тургандай үзүндү айтып берүү менен байланыштуу ыкма. Баяндоодо тарыхый окуянын убакытта жана мейкиндикте чектелиши дайын. Себеби, окуп-үйрөнүлүп жаткан фактылар болуп өткөн географиялык чөйрөнү айкындайт. Тарых боюнча көп сандаган фактыларды мазмундуу оозеки баяндап берүүнүн мааниси чоң.

Тарыхый фактыларды белгилүү аймактарга чектеп бөлүү жолу менен фактыларды белгилүү аймактарда болуп өткөн тарыхый процесстердин ыраттуу звеносу катары бири-бири менен байланыштырууга мүмкүн болот. Ошондой эле тарыхый көрүнүштөрдүн аймактык жайгашуусун жана узактыгын, алардын ортосундагы мейкиндик мамилелерди айкындоо жана ал аркылуу айрым өлкөлөрдүн же борборлордун ортосундагы экономикалык саясий жана маданий байланыштарды, тарыхый өз ара аракеттерди айкындоо үчүн шарттарды түзүүгө чакырылган.

Тарыхый фактыларды мейкиндикте чектөө өзүнчө бир айрым, же аларды окуп-үйрөнүүдөн обочолонуп бөлүнгөн иш эмес. Ал жалпы окуу процессине тарыхый фактылардын бири-бири менен байланыштарында жана мамилелеринде, жаратылыштык жана саясий социалдык кырдаалында таанып-билүүнүн ажырагыс бөлүгү катары киргизилет. Бул бүтүндөй таанып-билүүнүн этаптарына алгачкы ирет окуп-үйрөнүүгө, бышыктоого, жалпылоого жана колдонууга таандык болот.

Тарыхый фактыларды убакытта жана мейкиндикте чектөөнүн конкреттүүлүк даражасы айрым учурда фактылардын мүнөзү, мектепте окутулган башка тарых курстарындагы фактылар менен байланышы жана мамилесинин толук айкындалгандыгы менен аныкталат. Кээ бир учурларда ал өлкөнү, областы көрсөтүү менен чектелет. Алсак, статистикалык фактылар, калктын улуттук курамы, социалдык абалы, каржылоо шарттары, областардын жана бүтүндөй мамлекеттердин чегинде жыйынтыкталат. Айрым бир учурларда фактылар бир кыйла конкреттүү: калктуу пункттардын, салгылашуу болгон жердин, чек аранын, жүрүштүн же саякаттын маршруттарынын алкагында чектелет. Ал эми тарыхый окуяны, мисалы, салгылашууну кеңири баяндаган учурда окуянын мазмунуна жана жүрүшүнө ой жүгүртүүгө жардам берет.

Алып айтсак, 1860-жылдын 19-октябрь күнү Узун-Агач бекетинде бир рота жөө аскер, бир жүз атчан орус казак жана да бекет кызматчылары болуп, бар болгону үч жүз элүү киши турган. Эки гана жеңил замбиреги бар болчу. Эртең менен бекеттин айланасындагы кырлардан кокондуктар кырка тарта жамырап көрүнүп калды. 20-октябрь күнү тоо түбү менен имерилип, Алымбек датканын колу келип, Кокон аскерлеринин караанын көбөйтүп, Узун-Агач айланасын туш-тарбынан жыш курчоого алды. Түнү бою жүрүп, таңга жуук Узун-Агач бекетине бир жарым миңден ашуун аскер менен генерал Колпаковский келип, тегерене коргонууга жайланышканга үлгүрүп, ылайыктуу мерчемдерге коштоп, замбиректерин коюп кал-

ды. Өзү ыргыштаган аргымак үстүндө дүрбү салып, тиги күндүн биринчи нурларына чагылышкан керилген талааны бир баштан көздөн өткөрүп, улам бир четине барып, коргонуу мерчемдерин тескеп жүрдү.

Сөөлөт менен колун көтөрүп шилтеп, Канат-Ша Шатман кожонун кутурган сыпайларын чабуулга өткөрдү. Капкара, ач кыйкырык, көздөрү чанагынан чыккан атчандар бороондой каптап кирип, бир заматта тык токтолушуп, эки жакка таруудай чачылып, ортого пайда боло калган бош аянтта ат, адам денеси күү эте асманга көтөрүлө кайра дабырап, жаап түшө калды. Жабыла атылган замбиректердин чачма октору мөндүр сыяктуу бир сабап өттү. Жайнаган атчандар улам бир бүйрөсү кызый, улам ийриле, улам эрдемсий, улам үмүт алдап, кайрадан кайра каптады.

А-ат! - деп кыйкырат, жаш поручик желиге, ал өлүм коркунучун такыр теңине албай, улам бир замбирекке ачыктан-ачык ликилдеп жетип, делөөрүп чуркап жүрдү. Көптүгүнө салмакчы болгон атчандар өлүм чачкан мөндүргө кайрадан кайра кабылып, таруудай дыркырап төгүлүп калып жатты [3,289].

Мугалим баяндаган тарыхый материалды аң-сезимдүүлүк менен өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү ар бир окуучуда, ошондой эле ар бир класста ар түрдүү. Мугалим материалды тандап алып, окутуунун жалпы максатына ылайык негиздөө менен бирге окуучулар ушул мазмундагы материалды өздөштүрүү үчүн жүргүзө турган кадамдары методикалык жактан уюштурат. Ал жөндөмдүүлүк окутуу процессинде өнүгөт, бирок анын өнүгүү темпи көбүнчө мугалимдин ишине, атап айтканда анын сабакта материалды баяндоосуна байланыштуу болот. Баяндалган материалга карата мугалимдин жана окуучулардын биргелешип иштөөсү зарыл. Бул окуучулардын жакшылап ойлонуусун талап кылган материалды түшүндүрүү учурунда өзгөчө маанилүү.

Материалды баяндоодо ийгиликке жетишүүнүн маанилүү шарттарынын бири - мугалимдин класс менен байланыш түзүүсү. Албетте, мугалим окуучулардын материалды өздөштүрүүсүнүн сапатын бышыктоо, кайталоо учурунда жана кийинки сабакта текшерет. Бирок, баяндоо учурунда окуучулар кандай угуп, карап жана ойлонгонуна байкоо жүргүзүү өтө маанилүү.

Тарыхты окутууда, окуучулар доордун духун сезе билүү үчүн ролдук оюндарды колдонуу усулу дагы маанилүү. Бул багытта биздин факультетте эки ирээт «Нүзүп бийдин ишмердүүлүгү» темасында театрлаштырылган инсценировка даярдалып, өз учурунда жаңы саамалык катары кабыл алынган. Театрлаштырылган инсценировканын сөздөрүн студенттер “Сынган кылыч” романынан таап алышып, ролдорго бөлүп, жазып чыгышкан. Нүзүп бийдин образы аркылуу студенттер Кокон хандыгынын коомдук-саясий турмушуна кыргыздардын тыкыр катышып тургандыгын сезишкен.

Тарыхты окутууда көрүнүктүү тарыхый ишмерлерди мүнөздөө маанилүү орунду ээлейт. Окуучуларга тарыхты адамдар түзгөндүгүн, алардын дүйнөгө көз карашы, умтулуулары жана аракети, алардын тарыхтагы ордун түшүнүүгө жардам берет. Тарыхый инсандын мүнөздөмөсү, анын жекече жана ал жашаган доордун мүнөздүү белгилерин чагылдырат. Эгерде, ал мүнөздөмө адамдын сөзүнө гана эмес, анын иш аракеттерине да негизделсе, бир кыйла ишенимдүү болот.

Тарыхый ири окуялардын катышуучуларынын мүнөздөмөсү окуялардын өзүн жакшы түшүнүүгө көмөк берет. Алсак, Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» тарыхый романындагы Шерали ханга “Сынган кылыч” романында берилген образдуу мүнөздөмө: «Алтын бешик тукумунан болгону менен өзүнүн жаратылышында бийликке умтулбаган, элеттин бейгам тирилиги канына сиңип, ошого жараша баёо өскөн Шерали ордонун шаани-шөкөтүн, сылык зыяпатынын арасына өзүн жоготуп, акырет жөнүндө ыйлап, кеп урган кишилердин үрөйүнө, ширин тилине багынып, алтын буюмдарды балача кармалап таңыркап, жоош момун хан чыкты. Ордонун ишине аралаша албады» [4, 138].

Ошондой эле ушул эле чыгармада Курманжан даткага берилген: «Ирени кызыл тору, көзү самби талдын жалбырагындай саргылт көгүш, арык чырай, кагелес тараз бойлуу, сылык-сыпаа, өз баркын билген, өз ордун сезген, эч убакта шашылбаган, кандай кооптуу шарт

болуп кеткен күндө да эч калдастабай, үнүн көтөрбөй, кабагы үйрүлбөй, дайыма токтоо, сөзгө маани берген, кериле баса менсинбей, кайра саал жер тиктей ийиле, дайыма көңүлү бир кунунда, бир ыкласындагы зайып эле» [5, 304]. Бул мүнөздөмө кыргыз аялынын нукура акылдуу, салттуу аялдын мүнөздүү белгилерин ачык-айкын көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Сюжеттерди окуучулар сынчыл ойлом программасынын жардамы менен талкуулашат.

Жыйынтыктап айтканда, мугалим менен окуучулардын биргелешкен ишмердүүлүгүндө тарыхый материалды натыйжалуу өздөштүрүү аркылуу билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандыруу маселесинде кошумча материалдардын жардамы менен окуп үйрөнүүнүн мааниси чоң. Ал эми көркөм сөз чебердигин колдонуу өзгөчө орунда турат. Жогоруда келтирилген сюжеттерден доордун өзгөчөлүгүн, анын духун сезүүгө болот.

Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романы өзүнүн тарыхыйлуулугу менен өзгөчөлөнүп, тарыхты окутууда аба менен суудай керек көркөм адабий, тарыхый чыгарма болуп саналат. Тарыхый романды уникалдуу, баа жеткис мурас катары кабыл алууга болот.

Колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмеси:

1. Алымбаев Ж. Б. «Кыпчак кыргыны» Жалал-Абад энциклопедиясы. - Бишкек, 2003. - 22 б.

2. Вагин А. А. Художественная литература в преподавании новой истории. - М.,1984. - С.72

3. Касымбеков Т. «Сынган кылыч». - Бишкек, 2019. - 289 б.

4. Касымбеков Т.«Сынган кылыч». - Бишкек, 2019. - 138 б.

5. Касымбеков Т. «Сынган кылыч». - Бишкек, 2019. - 304 б.